БЕКИТЕМИН
М. М. Алышев атын. Ош ТУнун ректору
_____Ж. Ж. Турсунбаев
«10» 02 20 25-ж.

ОШТУДА КОРРУПЦИЯЛЫК ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК ТАЗАЛЫКТЫН САКТАЛУУ ТАРТИБИ

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул тартип Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Коррупцияга каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзамына, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, башка нормативдик укуктук актыларга, ошондой эле ОшТУнун Уставына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул тартип ОшТУдагы коррупциялык тобокелчиликтерди алдын алуу, аларга каршы аракеттенүү, ошондой эле академиялык адилеттүүлүктү камсыз кылуу боюнча негизги принциптерди, максаттарды, багыттарды жана механизмдерди аныктайт.

1.3. Тартиптин максаты – коррупцияга каршы эффективдүү системаны түзүү, академиялык адилеттүүлүктү бекемдөө, мыйзамдуулукту, ачыктыктын, чынчылдыктын жана этиканын принциптерин камсыз кылуу болуп саналат.

1.4.Бул тартип ОшТУнун жалпы окутуучу-профессордук курамына, студенттерге жана жалпы кызматкерлердин окуу формасына жана эмгек мамилелерине карабастан, колдонулат.

2. КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ САЯСАТТЫН ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК АДИЛЕТТҮҮЛҮКТҮН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

2.1. Негизги принциптер

Университеттин коррупцияга каршы ишмердүүлүгүн жана академиялык чынчылдыгын камсыздоодо төмөнкү принциптер жетекчиликке алынат:

- **Мыйзамдуулук** – Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын так сактоо;
- **Ачыктык** – университеттин ишмердүүлүгү боюнча маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу;

- **Чынчылдык** – окуу, илимий жана кызматтык милдеттерди адилеттүү жана чынчылдык менен аткаруу;
- **Коррупцияга чыдамсыздык** – коррупциянын бардык түрлөрүнө жана көрүнүштөрүнө жол бербөө;
- **Академиялык чынчылдык** – көчүрүү, плагиат, илимий жыйынтыктарды бурмалоо жана интеллектуалдык менчик укуктарын бузууга жол бербөө;
- **Жоопкерчилик** – коррупциялык жана академиялык чынчылдыкты бузган аракеттер үчүн жоопкерчиликти камсыз кылуу;
- **Коом менен кызматташуу** – коррупцияга каршы күрөшүү жана академиялык чынчылдыгын бекемдөө багытында мамлекеттик жана коомдук уюмдар менен тыгыз кызматташуу.

3. ОКУТУУЧУ-ПРОФЕССОРДУК КУРАМДЫН, ЖАЛПЫ КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН МИЛДЕТТЕРИ

3.1. ОшТУнун жетекчилиги милдеттүү:

- антикоррупциялык мыйзамдардын жана академиялык чынчылдык принциптеринин сакталышын камсыз кылууга;
- академиялык чынчылдыктын сакталышын көзөмөлдөө системасын түзүүгө жана ишин уюштурууга;
- коррупцияга жана академиялык чынчылдыкты бузууга алып келген себептерди жана шарттарды аныктап, аларды жоюу боюнча чараларды көрүүгө;
- коррупциялык же академиялык чынчылдыктын бузулушу тууралуу маалымат берген адамдардын коопсуздугун жана купуялыгын камсыз кылууга;
- студенттер жана кызматкерлер үчүн академиялык чынчылдык жана антикоррупциялык маданият боюнча үзгүлтүксүз маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө.

3.2. ОшТУнун кызматкерлери милдеттүү:

- антикоррупциялык мыйзамдарды жана академиялык чынчылдык эрежелерин так сактоого;
- окуу жана илимий процессти ачык-айкын, адилеттүү жана чынчыл жүргүзүүгө;
- коррупциялык фактылар, кызыкчылыктардын кагылышуусу же академиялык чынчылдыкты бузуу учурлары жөнүндө жетекчиликке өз убагында билдирүүгө;

- студенттердин жана кесиптештердин иштерин академиялык чынчылдык талаптарына ылайык баалоого;
- академиялык чынчылдыкты бузуу аракеттерин документтештирүүгө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө.

3.3. Студенттер милдеттүү:

- окуу жана илимий тапшырмаларды өз алдынча жана чынчыл аткарууга;
- көчүрүү, плагиат, маалыматтарды бурмалоо сыяктуу академиялык чынчылдыкты бузган аракеттерден алыс болууга;
- коррупциялык жана академиялык чынчылдыкты бузуу учурлары тууралуу тиешелүү органдарга кабарлоого;
- окуу процессинде тартипти, этиканы жана өз ара урматтоону сактоого;
- академиялык чынчылдык жана антикоррупциялык саясат боюнча уюштурулган окуу иш-чараларына активдүү катышууга.

4. ТАРТИП БУЗУЛУУЛАРДЫ АНЫКТОО ЖАНА АЛДЫН АЛУУ

4.1. Окуу жана илимий иштерде:

- студенттерди кабыл алуу, баалоо жана аттестациялоо иш-аракеттердин тартибинин ачыктыгын камсыз кылуу;
- окуу жана илимий-иштерде академиялык чынчылдыкты сактоону көзөмөлдөө;
- жазма жана илимий публикацияларды автордук укук бузуулардын (плагиат) алдын алуу;
- көчүрүүнү жана чынчыл эмес иш-аракеттерди анонимдүү көзөмөлдөө.

4.2. Кадрдык саясатта:

- кызмат ордун толтуруу боюнча ачык жана объективдүү конкурс өткөрүү;
- талапкерлерди коррупциялык байланыштарга текшерүү;
- коррупция жана академиялык чынчылдыкты кароочу этика комиссиясын түзүү;
- кызматкерлердин кесиптик жана илимий ишмердүүлүгүнө жүйөлүү белгиленген тартипте аудиттик текшерүү.

4.3. Финансы жана сатып алуу иштеринде:

- сатып алуу жана бюджеттик каражаттардын колдонуу иш-аракеттердин тартибинин камсыз кылуу;
- жүйөлүү тартипте белгиленген аудиттик текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- ресурстардын максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөө жана укук бузууларды алдын алуу.

5. ТАРТИП БУЗУЛУУЛАР ҮЧҮН ЖАЗАЛОО ЧАРАСЫ (САНКЦИЯЛАР)

5.1. Кызматкерлер үчүн:

- тартипти бузуу учурунда жазалоочу биринчи кезекте эскертүү берет, катуу эскертүү, академиялык чынчылдыкты же коррупцияга барган учурда жумуштан бошотуу;
- мыйзам боюнча административдик жоопкерчилик;
- коррупциялык жана оор академиялык чынчылдыкты бузган аракеттер үчүн кылмыш жоопкерчилиги (мисалы, грант алуу учурунда илимий маалыматтарды бурмалоо).

5.2. СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ЖАЗАЛОО ЧАРАСЫ (САНКЦИЯЛАР)

- тартиптик чараларда эскертүү, катуу эскертүү, убактылуу окуудан четтетүү, оор учурларда окуудан чыгаруу;
- экзамендердин, зачеттордун жана илимий-иштердин жыйынтыктарын жокко чыгаруу;
- оор бузулуулар тууралуу ата-энелерге же мыйзамдуу өкүлдөргө кабарлоо (күндүзгү окуу формасы боюнча).

6. БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ БЕРҮҮ ЖАНА КАРАП ЧЫГУУ ТАРТИБИ

- академиялык чынчылдыкты жана коррупциялык укук бузууларды билдирүү анонимдүү, оозеки же жазма түрүндө берилиши мүмкүн.
- билдирүүлөр атайын түзүлгөн комиссия тарабынан кароого алынып, бардык этаптар документтештирилет.
- билдирүү берген адамдар корголот жана кысымга, дискриминацияга дуушар боло алышпайт.
- билдирүүлөрдү кароо мөөнөтү – алынган күндөн тартып 30 календардык күндөн ашпоого тийиш.

7. КӨЗӨМӨЛ ЖАНА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

7.1. Көзөмөл жүргүзүү:

- ректор жана атайын түзүлгөн комиссия университеттеги антикоррупциялык саясаттын жана академиялык чынчылдык эрежелеринин сакталышын текшерет.

- көзөмөл окуу жана илимий процесстердин, кызматкерлердин жана студенттердин милдеттеринин аткарылышына багытталат. Анын максаты – мыйзам бузулууларды жана академиялык чынчылдыкты бузган аракеттерди өз убагында аныктоо.

7.2. Үзгүлтүксүз байкоо (мониторинг):

- университеттеги коррупциялык жана академиялык чынчылдыкты бузуу фактыларын үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүлөт;
- байкоо аркылуу алынган маалыматтар талданып, системалык кемчиликтер аныкталат;
- үзгүлтүксүз байкоо университеттин башкаруу системасын жана ички байкоону жакшыртууга багытталат.

8. НАТЫЙЖАЛАРДЫ ЖАРЫЯЛОО

- байкоо жана көзөмөлдүн жыйынтыктары университеттин расмий сайтында жалпы статистика түрүндө жарыяланат;
- өздүк жеке маалыматтарды коргоого кепилдик берилет жана жарыяланбайт.

9. ЧЫНЧЫЛДЫК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЧАРАЛАРЫ

- антикоррупциялык саясат жана академиялык чынчылдык боюнча семинарлар, тренингдер жана лекцияларды өткөрүү;
- «Коррупцияга каршы жана академиялык чынчылдык» бөлүмүн түзүү;
- нускамалар, эскертмелер жана билдирүүлөр үчүн байланыштар;
- студенттер жана жалпы кызматкерлердин арасында бузулуулардын кесепеттери тууралуу түшүндүрүү иштери;
- билим алуу жана илимий-иштердин процессинде академиялык чынчылдыкты сактоо үчүн ички көзөмөлдөө системасын киргизүү.

10. ЖЫЙЫНТЫК

- Жобо ОшТУнун ректору тарабынан каралып бекитилет;
- өзгөртүүлөр жана толуктоолор ректордун чечими менен каралат.

Окуу иштери боюнча проректор У. Ж. Мамытов

УИБ башчысы Ч. О. Камалов